Одокозова С.А.,
Үзгүлтүксүз жана дистанттык
билим берүү институту

СӨЗ ӨСТҮРҮҮДӨГҮ ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИН МААНИСИ

«Тил ойду туюнтуу менен бирге эс-акылдын калыптанышында да, өсүп жетилишинде да, укумдан-тукумга өтүшүндө да негизги курал иретинде баа жеткис мааниге ээ. Тилди практикалык жактан билүү менен аны илимий жактан талдоонун айырмасы чоң. Ал үчүн илимий даярдык керек», - деп белгилүү лексико-

лог Жээнбай Муканбаев белгилегендей [46,5-б.], кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин лингвистикалык татаал табиятын таанып, аны тилдик көркөм бай каражаттардын бири катары, элибиздин этнографиясын чагылдырган ата-бабанын мурасы катары үйрөтүүнүн ыңгайлуу жолдорун өздөштүрүү - педагогикалык ишмердүүлүктүн маанилүү маселелеринин бири болуп саналат.

Фразеологизмдер - тилибиздин көркөм сөз каражаттары. Мындай сөздөргө кыргыз тили абдан бай. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдерге биринчи жолу Ж.Шүкүров илимий жактан изилдөө жүргүзгөн. Анын «Кыргыз тилиндеги фразеологиялык айкаштар жөнүндө» деген 1956-жылы Кыргыз ССРнин тил жана адабият институтунун жыйнагында жарык көргөн макаласы фразеологизмдерге арналган кыргыз тилиндеги алгачкы эмгек болуп саналат. Андан бери фразеология боюнча жалпы тил илиминде да, түркологияда да (анын ичинде кыргыз тилинде) илимий иштер иштелип, көптөгөн макалалар жарык көрдү. Фразеологизмдер ар тараптан иликтөөгө алынды. Натыйжада фразеология тилдеги өзүнчө сөз каражаттары болгон фразеологиялык айкалыштарды изилдей турган тил илиминин бир бөлүмүнө айланды.

«Кыргыз Республикасында гуманитардык билим берүүнү өзгөртүү» программасынын талаптарына ылайык «Кыргызстан-Сорос» фонду тарабынан 1996-жылы жарык көргөн «Азыркы кыргыз тили» окуулугу А.Жалилов тарабынан жазылып, ЖОЖдун педагогика жана башталгыч билим берүү методикасы адистигинде окуган студенттерге арналган. Аталган эмгекте буга чейинки окуу китептеринде берилбеген «Фразеологизмдердин варианттары» деген тема киргизилген [29, 252-б.]. Демек, муну кыргыз тилинин фразеологиясын изилдөө ишинде жаңылыктар болуп, алар окутуу ишине да таасир тийгизип, натыйжада фразеологияны окутуу да жаңы баскычка көтөрүлүп, жандана баштаганынын белгиси катары карасак болот.

Фразеологизмдердин ары татаал, ары кызыктуу табиятын теориялык жана практикалык жактан үйрөтүүдө, Х кылымдын белгилүү түрк философу Аль-фарабинин тил илими жөнүндөгү трактатындагы: «Тил жөнүндөгү илим негизинен эки бөлүктөн турат. Алардын биринчиси, тигил же бул элге тиешелүү сөздөрдү эске тутуу жана ал сөздөрдүн ар бири билдирген маанини билүү; экинчиси, ал сөздөрдү башкарган закондорду билүү» деген аныктамасын тилди үйрөтүп жаткан окутуучу да, тилди үйрөнүп жаткан студент да эстен чыгарбашы керек.

Тилде жеке гана сөздөрдүн синонимдери, антонимдери, омонимдери болбостон, фразеологизмдердин да синонимдери, антонимдери, омонимдери бар экендиги белгилүү. Алар адамдын сөз байлыгын өстүрүүгө чоң салым кошот.

Кыргыз тилиндеги синонимдердин пайда болушунун дагы бир булагы катары фразеологиялык синонимдер эсептелет. Алардын кадимки жеке сөздөргө синоним жана эквивалент болуп келерин, ошондой эле, ойду таамай, элестүү билдирүүгө эң жакшы мүмкүндүк түзөрүн салыштыруу ыкмаларын колдонуу менен далилдесе болот.

Мисалдарды келтирсек: бат-тез-дароо-ылдам-чапчаң-көз ачып-жумганча - бир заматта - алеки заматта – каш-кабактын ортосунда – айта-буйта дегиче; сүйүнүү - кубануу-маңдайы жарылуу- кубанычы койнуна батпоо - жүрөгү жарылуу - төбөсү көккө жетүү - чечекейи чеч болуу; өкүнүү - бармагын тиштөө - оозун кармануу; калп-жалган - беш өрдөгүн учуруу; кылдан кыйкым табуу - жумурткадан кыр чыгаруу; күлүн көккө сапыруу - ташын талкан кылуу - тополоңун тоз кылуу; эгиз козудай – союп каптап койгондой; ашкан чебер - колунан көөрү төгүлгөн ; таң кулан өөк канда - таң супа садык чалганда – таң кылайганда ж.б.

Корунуп тургандай, фразеологизмдер жеке сөздөргө синоним болуп түшүү менен бирге эле, мааниси бири-бири менен жакын, бирдей маанини туюнтуп, өз ич ара да синоним болуп калышат.

1980-жылы жарык көргөн «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгүнүн» баш сөзүндө Ж.Осмонова: «Фразеологизмдердин варианттары жана синонимдердин ар бири - өз алдынча фразеологизм. Ошондуктан ар бири алфавит тартибине ылайык өз - өз ордунда берилет да, мааниси түшүндүрүлүп, тийиштүү иллюстрациялык материалдар менен жабдылат. Маселен, каны катуу - тили оозуна батпоо; жети өмүрү жерге кирүү - бетинен оту чыгуу - өлбөгөн төрт шыйрагы калуу; тил эмизүү - иттен чыгаруу, иттин кара капталынан - чач этектен; ак эткенден так этүү - ичкен ашын жерге коюу - эки көзү төрт болуу ж.б. фразеологизмдер өз ара синонимдик катышта турат.

Фразеологиялык варианттар - бир эле фразеологизмдердин ар түрдүү өзгөрүлүп айтылган түрлөрү. Алар маанилери жана синтаксистик касиети боюнча айырмаланбастан, лексикалык составы жагынан гана жарым-жартылай айырмаланат, же составындагы сөздөрдүн формасы, алган орду боюнча өзгөчөлөнөт» деп белгилейт. [57, 12-б.] Муну менен автор ар бир фразеологиялык синонимдин жана варианттын тилдин сөздүк корунан алган өз алдынча орду бар экендигин белгилейт. Демек, алардын ар бири өз алдынча жашап, сөз өстүрүүдө, кеп өстүрүүдө кызмат кыла алат. Ошондуктан мындай өзгөчөлүктөр тилди үйрөтүүдө көз жаздымында калбашы керек.

Тилибизде фразеологиялык варианттардын төмөндөгүдөй түрлөрү бар:

1. <u>Лексикалык вариант</u>. Фразеологизмди түзүүчү компонеттеринин кайсы бири башка сөз менен алмаштырылышы аркылуу түзүлгөн варианттары. Мисалы: ай жамалдуу- ай жүздүү - ай чырайлуу; көзү тирүү - эти тирүү; күлүн көккө сапыруу – күлүн асманга сапыруу: кекиртегин талга илүү - кекиртегин талга асуу ж.б.

2. <u>Фонетикалык вариант</u>. Фразеологизмдин курамындагы айрым сөздүн тыбыштык жактан анча-мынча айырмаланышынан түзүлгөн варианттары. Мисалы: ыргыткан ташы өргө кулоо - ыргыткан ташы өйдө кулоо; ыйманы ысык - ыманы ысык; ж.б. Фразеологизмдин фонетикалык варианттары сейрек учурайт:

3. <u>Квантативдик (сандык вариант)</u>. Фразеологизмдердин түзүүчү компоненттеринин сан жагынан өзгөртүүгө учурашынан, б.а. толук, же толук эмес колдонулганынан пайда болгон варианттары. Мисалы: жүрөгүнүн сары суусун алуу- жүрөгүнүн суусун алуу; бетке кара көө жабуу - бетке көө жабуу; төбө чачы тик туруу - чачы тик туруу; сары изине чөп салуу - изине чөп салуу; жылдызы жерге түшүү - жылдызы түшүү ж.б.

4. <u>Грамматикалык вариант</u>. Түзүүчү компоненттеринин грамматикалык формаларынын, же орун тартибинин өзгөрүүлөрүнүн натыйжасында пайда болгон фразеологизмдердин варианттары грамматикалык вариант деп аталат. Мындай өзгөрүүлөрдөн фразеологизмдин мааниси өзгөрбөйт. Мисалы: Таш боор - боору таш; каны кызуу - кызуу кандуу; бети кара - кара бет; ачык ооз - оозу ачык;

Фразеологизмдерди өздөштүрүүдө жогоруда белгиленген өзгөчөлүктөр эске алынууга тийиш.

Сөз сыяктуу эле фразеологизмдер да бир маанилүү жана көп маанилүү болушат. Бир маанилүү фразеологизмдерге төмөнкү мисалдарды келтирсек болот: адалдан түгү жок («колунда малы жок, жарды»); ай айланып, жыл тегеренбей («анча көп убакыт өтпөй, тез эле, аз эле убакыттын ичинде»), алты саны аман («дени таза, алдуу, күчтүү) ж.б.

Көп маанилүү сөздөр сыяктуу бир нече мааниге ээ фразеологизмдер бир нече түшүнүктү туюнтат. Фразеологизмдердин ар башка маанилери сөздүктөрдө араб цифрасы менен номерленип берилет. Мисалы:

Иштен чыгуу

1. Жараксыз болуу, жарабай калуу, жөндөмдүүлүгүн жоготуу;
2. Бузулуу, талкалануу, иштебей калуу.

Кол салуу

1. Бирөөгө катылуу, тийишүү, уруу;
2. Уруш баштоо, согуш ачуу;
3. Уурдоо, бүлдүрүү, бирөөнүн же көпчүлүктүн мүлкүн уруксаатсыз өзүнө алуу;
4. Жеш үчүн умтулуп тиш салуу.

Фразеологизмдерди окутууда жеке сөздөгү көп маанилүүлүк менен омонимдерди айырмалап карагандай эле, фразеологиялык омонимдерди да, көп маанилүү фразеологизмдерден ажырата билүүбүз керек. Омоним фразеологизмдердин маанилеринин ортосунда эч кандай жакындык, байланыш болбойт. Тилибизде мындай фразеологиялык омонимдер өтө эле сейрек учурайт. Мисалдар келтирсек:

Боору катуу

1. Таш боор, бирөөгө жан тартпаган, ырайымсыз;
2. Аябай күлүү, ыкшып күлкүсүн тыя албоо;
3. Чоңоюу, бойго жетүү, баралына келүү, толуу.

Каны кызуу

1. Өзүн - өзү токтото албаган, ачуусу чукул, жеңил мүнөздүү;
2. Ачуусу келүү, каарлануу, жини келүү, кыжырлануу.

Тили катуу

1. Абдан катуу суусоо, чаңкоо;
2. Куштардын сайроо мезгили токтоп, сайрай албай калуусу ж.б.

Тилибизде лексикалык антонимдер сыяктуу эле карама-каршы мааниде колдонулган фразеологиялык антонимдер да бар. Мисалы: Бал тилдүү («жагымдуу сүйлөгөн, сөзмөр») - уу тилдүү - («жан кейитип жаман сүйлөгөн, ачуу тилдүү); Башы ачык («кудалашкан, сүйлөшкөн жери жок, сөйкө салынбаган») - башы байланган («кудалашкан, сүйлөшкөн жери бар, сөйкө салынган»); Башы бышкан – башы быша элек; Башын ачуу - башын байлоо; Кабагы ачык – кабагы бүркөө; Ак жүрөк – кара жүрөк ; Көккө көтөрүү – жерге уруу ж.б.у.с. бири-бирине карама-каршы маанидеги фразеологизмдердин маанилерине, антонимдик белгилерине студенттердин көңүлүн буруу керек. Пикир алышууда студенттер үчүн аталган өзгөчөлүктөрдү ар бир учур, контекст үчүн туура пайдаланууга жетишүү маанилүү.

Фразеологизмдерди окутууда алардын кепте колдонулушундагы төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөзсүз түрдө маалымат берүү зарылчылыгы бар.

1. Фразеологимдерди өзгөртүүсүз колдонуу

Мис., Адамдын адамдан көңүлү үч көчкөн журттай калса, аны менен жашоо кыйын го. (К.Ж.). Уркуянын жылдызы түшүп, терең улутунуп койду. (М.У.)

2. Өзгөртүп колдонуу

Мис., Ушундай болот деп уч уктаса Танабайдын түшүнө кирди бекен. (Ч.А.)

Тамак чөптү көргөндө Ачылды аттын кабагы. («Эр Төштүк»)

3. Жарыш колдонуу

Мис., Ичке үзүлүп, жоон созулуп турган кез! Биз эртеден кечке кекиртегибизди талга асып, тишибиздин кирин соруп, айран уюур мезгилди күтөбүз. (М.Э.)

4. Синоним сөзү менен катар колдонуу

Мис., Данияр кой оозунан чөп албаган жоош адам эле.

Фразеологизмдерди үйрөнүү жеке сөздөрдү үйрөнүүгө караганда бир кыйла татаал. Ошондуктан студенттерди изденүүгө түртө турган ар түрдүү көнүгүүлөр, тапшырмалар, кроссворддор, карточкалар, таблицалар, фразеологиялык талдоо жүргүзүүнүн ыкмасы, фразеологиялык минимум жана анын түшүндүрмө сөздүгүн кеңири пайдалануу маселени ишке ашырууга өбөлгө түзөт. Башкача айтканда, студенттерди жеке анализ, синтез кылууга, диалог жүргүзүүгө көнүктүрүү басымдуу болушу максатка туура келет. Бул боюнча немец педагогу И.Герберт:«-Мугалим – активдүү болсо, окуучу – пассивдүү, ал мугалим айткан даяр билимди гана өздөштүрөт», - дейт. Герберттин системасы боюнча окутууда негизги күч окуучунун эстеп калуусуна байланыштуу, б.а. эске тутуу функциясынан көз каранды; немец педагогу А.Дистервег: «Жаман мугалим – чындыкты берет, жакшы мугалим аны тапканды үйрөтөт» - десе, америкалык педагог Ж.Дьюи окутуу процессиндеги оор жүктү өз алдынча иштөөгө коёт, б.а. окуучу иштеп жатып үйрөнөт. Мугалимдин функциясын консультация берүү, аңгемелешүү менен чектейт, К.Д.Ушинский: «Окуучу өз мүмкүнчүлүгүнө жараша өз алдынча эмгектенет, ал эми мугалим бул өз алдынча эмгекти башкарат» [40], - деп белгилешет. Ал эми Н.Люткин «Окутуп жатып изилдөө, изилдеп жатып окутуу!» [60]; В.М. Аллахвердиева «Таанып билүү процессинде жана жеке жүрүш - турушунда өзүнүкүн эркин кошуу» деген принциптерге таянышат [22]. Аталган принциптер бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой келет.

Студенттерге кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин туюнткан маанилери, пайда болуш тарыхы, колдонуу ыкмалары менен сан жана сапаттык жактан терең тааныштыруу алардын сөз байлыктарын арттырып, кептеринин көркөм, элестүү, таасирдүү болушун шарт-тайт; күнүмдүк турмушта бул сөздөрдү орундуу жана активдүү колдонууга машыктырат; кыргыз элинин турмуш-тиричилигин, каада-салтын, үрп-адатын, адеп-ахлагын, диний ишенимдерин үйрөнүүгө багыттайт.

Фразеологизмдер сөзгө жандуулукту, көркөмдүүлүктү берип, курч таамай сүйлөөнүн нукура элдик үлгүлөрүн үйрөтөт. Демек, кыргыз элинин бүтүндөй эстетикалык байлыгын камтыган лексикалык мындай баалуулукка кайрылбай жана аны колдонбой туруп, кептик жетишкен маданиятты көрсөтүү мүмкүн эмес.

Адабияттар

1. Акунова А.Р., Раимбекова. М. Азыркы кыргыз тили. Лексика. - Б., 2005.

2. Акунова А.Р., Намазбеков О, Өмүрова А.М. Азыркы кыргыз тили. Фонетика (Дистанттык окутуу). - Б., 2001.

3. 11-класста фразеологияны окутуунун методикасы (Орто мектептердин кыргыз тили жана адабияты мугалимдери, ЖОЖдун студенттери үчүн). – Б., 2004.

4. Акунова А.Р., Раимбекова М. Азыркы кыргыз тили. Лексика (ЖОЖдун педагогика адистигин сырттан окуган студенттер үчүн окуу куралы). - Б., 2005.

5. Дистервег А. Руководство к образованию немецких учителей [Публ. фрагм из прудов нем. педагога, 1834г.] // Нар. Образование, 2001. - №1.

6. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. – Б., 1996.

7. Осмонкулов А., Акунова А.Р. Өнөр алды – кызыл тил (ЖОЖдун студенттери үчүн түзүлгөн фразеологиялык минимумдун түшүндүрмө сөздүгү). - Б., 2007.

8. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили: фонетика жана лексикологиясы. - Б., 1999.

9. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. - Б., 1997.

10. Тагаева З. Кыргыз тили сабактарында байланыштуу кепти окутуу. - Ош., 2008.

11. Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясы жана фразеология. - Б., 1998.

12. Методика преподавания киргизского языка в русскоязычных учебных заведениях. -Б., 2001.

13. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. –Б., 2009.

14. Штуцер И. Памяти Дистервега // Записки учителя, 1883. - № 5. Учитель.ru: Публикации: http://www.teacher.fio.ru/news

15. Ушинский, К. Д. Педагогические сочинения : в 6 т. /АПИ СССР. – М. : Педагогика, 1988.